**Базар-Коргонаймактыкшайлоокомиссиясы**

**ЧЕЧИМ №44**

Базар-Коргон шаары

2021-жылдын 16-апрели

"Арстанбап айылдык кеңешинин №1 Арстанбап шайлоо округундагы №2157 "Арстанбап" шайлоо участогунда, №3 Ю.Исламов-Кош-Терек шайлоо округундагы №2158 Ю.Исламов шайлоо участогунда добуш берүүнүн жыйынтыктарын жокко чыгаруу жөнүндө"

2021-жылдын 10-апрелинде №3 Ю.Исламов-Кош-Терек шайлоо округунан депутатыкка талапкер М.Мамадалиев, 2021-жылдын 13-апрелинде Арстанбап айылынын тургуну Э.Миркамилов арыз менен кайрылышып, арызда №2157, №2158 шайлоо участокторундагы контролдук тизмедеги шайлоочулар акыркы тизмеде өздөрү жашаган шайлоо участогунан №2378, №2398 шайлоо участокторуна шайлоочулар белгисиз себептерден улам жылдырылып калгандыгын билдирип, маселени мыйзам чегинде чечип берүүнү суранышкан. Бул маселе боюнча тутумдук администратор Ч.Жамгырчиевдин түшүнүк катында: "2021-жылдын 25-мартында Арстанбап айыл өкмөтүнүн №1 Арстанбап шайлоо округунун (№2157 Арстанбап) 258 шайлоочусун №2 Үч-Булак шайлоо округуна (№2378 Үч-Булак), №3 Ю.Исламов-Кош-Терек шайлоо округуна (№2158 Ю.Исламов, №2398 Кош-Терек) жылдыруу боюнча берген тизмесинин негизинде системада жылдырылгандыгын" билдирген. Системада "адреса с правильными УИК" бөлүгүндө корсотүлгөн дарек боюнча участкаларга олтургузууда жогоруда көрсөтүлгөн шайлоо участкалары бир айылда жайгашкандыктан шайлоо участокторундагы номери жок үйлөрдөгү 231 шайлоочу бир дарекке байлангандыктан техникалык себептерден улам кошо жылдырылып калган.

Натыйжада, 231 шайлоочу өздөрү жашаган шайлоо участогунда, өздөрүнө тийиштүү шайлоо округунан көрсөтүлгөн талапкерлерин шайлоо укуктарынан ажыратылган.

"Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 38-беренесинин 5-пунктуна ылайык Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. 2021-жылдын 11-апрелинде болуп өткөн Арстанбап айылдык кеңешинин №1 Арстанбап шайлоо округунан депутаттарды шайлоодо №2157 Арстанбап шайлоо участогундагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жокко чыгарылсын.
2. 2021-жылдын 11-апрелинде болуп өткөн Арстанбап айылдык кеңешинин №3 Ю.Исламов-Кош-Терек шайлоо округунан депутаттарды шайлоодо №2158 Ю.Исламов шайлоо участогундагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жокко чыгарылсын.

3.Чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жөнөтүлсүн.

8. Чечимдин аткарылышын контролдоо Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын Н. Мадумаровго жүктөлсүн.

**Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын торагасы:** **Н.Мадумаров**

**Катчысы:** **Э.Жумабаева**